1.4.

Билим берүү уюмунун ишмердүүлүгү жана башкаруу структурасы

Этикалык ченемдик актылар окуучулар үчүн да, педагогдор үчүн ар жыл сайын №1-педагогикалык кеңешмеде каралып, инструктаждар өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. 2022\2023-окуу жылына 29.08.2020-жылы №1 пед кеңеште каралып, бекитилген.

Алардын ичиненин негизги катары төмөнкүлөр каралган:

Мугалимдин профессионалдык этикасынын кодекси: мектеп администрациясы, мектеп окуучусу, ата-эне, уюмдар, башка мекемелер, коомчулук, иш-кагаздар менен иштөө нормалары каралган.

Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары, Кодекс, “Балдардын конвенциясы”, Мектептин Уставы, “Мугалимдин статусу” менен иш алып барылат.

Мугалимдердин жүрүм-турум эрежелери, санитардык талаптар, коопсуздук эрежелер, өрт коопсуздугу, “Окуучу-мугалим-ата-эне” үч тараптуу келишими менен иш алып барылат.

Мектеп жетекчиси менен педагогикалык, техникалык кызматкерлердин Эмгек келишими ишти жөнгө салат.

2014-2022-окуу жылдарга түзүлгөн окуучуларды тарбиялоону концепсиясына ылайык максаттар төмөндөгүлөр:

- Окуучудагы жашоодо керек боло турган коомдук-социалдык тажрыйбаларды өздүк тажрыйбаларга айландыруу ;
- Окуучулардын дүйнөгө илимий көз карашын , туура ынанымын калыптандыруу;
- Адабий илимий булактар менен өз алдынча иштөөгө үйрөтүү ;
- Окуучуларды коллективдүүлүккө тарбиялоо , жеке ишти коллективдүү иш менен айкалыштырууну колго алуу ;
- Окуучулардын адептик –руханий сапаттарын калыптандыруу;
- Окуучулардын мекенчилдик-патриоттук сезимдерин ойготуу;

Концепсиянын негизинде тарбия иштеринин багыттары:

- Жарандык – патриоттук тарбия;
- Нравалык-укуктук тарбия;
- Экологиялык жана эмгекке тарбиялоо;
- Ден-соолукту чыңдоо тарбиясы, жашоонун сергек мүнөзүн проһогандалоо;
- Көп маданияттуулукка тарбиялоо;
- Эстетикалык тарбия;
- Педагогдордун профессионалдык деңгээлин жогорулатуу;

Милдеттери:

- Жалпы адамзаттык баалуулуктарды үйрөтүү, өзүн курчаган дүйнөгө адамгерчиликтүү мамилени калыптандыруу;
- Баланын инсандык сапаттарын өркүндөтүү, негизги критерийи адамгерчиликке болгон тарбиянын гумандуу системасын өркүндөтүү;
- Жарандык атуулдук аң сезимди калыптандыруу, Ата-Мекендин тагдырына жоопкерчиликке, активдүү турмуштук позицияга ээ болууга, жашоонун сергек мүнөзүнө үйрөтүү;
- Окуучулардын өзүн-өзү башкаруу уюмунун, чыгармачыл жөндөмүн өркүндөтүү, окуучуларды турмуштун ар кандай шартына ийкемдешүүгө үйрөтүү;

Окуучунун тартип эрежеси, укуктары, милдеттери 3 тараптуу келишимде көрсөтүлгөн:

Окуучулардын мектепке келүүсү

Окуучулардын сырткы көрүнүшү

Окуучулардын сабакка катышуусундагы тартиби

Окуучулардын танапис учурундагы тартиби

Ашканадагы тартип

Кече, чогулуштардагы тартип

Мектептен тышкаркы тартиби

Дежурныйдын класстагы милдети

Мугалимдер арасында этикалык комиссия түзүлгөн. Бул комиссия этикалык ченемдер бузулган учурда жана жеке кайрылуулардын негизинде иш жүргүзөт.

Окуучулардын тартиптик эрежелерди, укук бузуулары алдын алуу кенешинде каралат:

1. Мектептин алдын алуу кеңешинин төрагасы мектеп директору

А .Дөөлөтбеков

Мүчөлөрү :

2. Уюштуруучу -С.Конурбай уулу

3. Соц.педагог - А.Абдыракманова

4. Айыл өкмөтүнүн соц адиси - Б.Балтабаева

5. ИДН кызматкери - С.Кадыров

6. Ата –энелер комитети - А.Жунусов